## №12 Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин профсоюз уюмунун 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн иш планы.

| № | Өтүлүүчү иштердин мазмуну | | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Жеке келишим түзүү | Сентябрь | Профком |
| 2 | Кайра шайлоо чогулушун өткөрүү | Сентябрь | Профком |
| 3 | Администрация менен бирдикте иш пландарды түзүү | Жыл ичинде | Профком |
| 4 | Профсоюз мүчөлөрүнө иш бөлүштүрүү. | Сентябрь | Профком |
| 5 | Категориясы боюнча айлык төлөөнүү көзөмөлдөө | Жыл ичинде | Профком |
| 6 | "Мугалимдер күнүн өткөрүү" | Октябрь | Профком |
| 7 | Мугалимдерди,эмгекти коргоо кызматтык инструкция менен тааныштыруу | Октябрь | Профком |
| 8 | Техникалык коопсуздук жана эмгекти коргоонун мектептеги абалын көзөмөлдөө. | Ноябрь | Профком |
| 9 | Бюллетендерди өз убагында өткөрүү | Жыл ичинде | Профком |
| 10 | "ЖАНЫ-ЖЫЛДЫК" майрамдык кечени мугалимдер учун уюштуруу | Декабрь | Профком |
| 11 | Профсоюз уюмунун мүчөлөрүнүн аткарган иштерин көзөмөлдөө | Жыл ичинде | Профком |
| 12 | 8-Март майрамын өткөрүү | Март | Профком |
| 13 | "Нооруз" майрамын өткөрүү | Март | Профком |
| 14 | Мугалимдердин жайкы эс алуусун уюштуруу | Апрель | Профком |
| 15 | Отчеттук чогулушка даярдануу | Май | Профком |

Профсоюз уюмунун төрагасы:/ / Каамытов Майрамбек Машүнович

Сканировано с CamScanner

# Профсоюздун же эмгек коллективинин эмгекти коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адамдын иши жөнүндө

## 1 .Жалпы жоболор.

1.1 Ыйгарым укуктуу адам билим берүү мекемесинде эмгекти коргоо боюнча укуктары менен талаптарынын сакталышына көзөмөлдү уюштуруу үчүн кабыл алынат

1.2 Билим берүү мекемесиндеги конкретгуу шарттарга жараша бир нече ыйгарым укуктуу адамдар шайланышы мүмкүн.Коллективде алардын саны шайлануу тартиби жана ыйгарым укуктарынын мөөнөтү белгилениши мүмкүн.

1.3 Ыйгарым укуктуу өкүлдү шайлоо жалпы коллективдин чогулушунда өткөрүлөт.Ыйгарым укуктуу өкүл эки жылдан кем эмес мөөнөткө шайланат.

1.4 Ыйгарым укуктуу өкүл эмгекти коргоо комитетинин мүчөсү болуп саналат.

1.5 Ыйгарым укуктуу адам өзүнүн иши мекеменин жетекчиси,райондук профсоюз уюмунун башчысы жана эмгекти коргоо боюнча мамлекеттик органдар менен биргеликте уюштурат,

1.6 Ыйгарым укуктуу адам Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинин жана билим берүү уюмунун ченемдик —техникалык документтеринин негизинде иш алып баруу керек.

1.7 Ыйгарым укуктуу адам мезгил мезгили менен отчет берип туруусу керек.Эгерде ал өзүнө жүктөлгөн милдеттерин так аткарбаса,аны шайлаган жалпы жаамат мөөнөтүнөн мурда ишинен алып салуу мүмкүндүгү бар.

## 2. Ыйгарым укуктуу адамдын негизги милдеттери.

2.1 Мекемеде дени сак жана коопсуз эмгек шарттарын түзүүгө көмөктөшүү. Мекемедеги эмгекти коргоо жагындагы кызматкерлердин мыйзамдуу укуктарын коргоо.

2.2 Мамлекеттик жана коомдук уюмдардын эмгекти коргоо жөнүндө мыйзамдарын колдонуу менен кызматкерлердин кызыкчылыктарын,талаш тартыштарын коргоо.

2.3 Эмгекти коргоо боюнча кызматкерлерге түшүндүрмө берүү, аларга укуктарын коргоо боюнча жардам көрсөтүү.

Сканировано с CamScanner

## 3.Ыйгарым укуктуу адамдын функциялары.

3. I. Билим берүү мекемесинин жетекчилиги тарабынан эмгекти коргоо боюнча мыйзамдардын сакталышы,кызматкерлердин өз милдеттеринин аткарылышын, эрежелерди жана нускамаларды сактоосуна көз салуу,

3.2 Билим берүү мекемесинин имаратын,техникалык абалына көз салуу.Санитардык техникалык кемчиликтерди жоюо боюнча иш-чараларга катышуу.

3.3 Кырсыктарды алдын алуу боюнча иш-чараларга катышуу,эмгек шарттарын жакшыртуу боюнча план түзүүгө катышуу.

3.4 Билим берүү уюмунда кырсыктан жапа чеккенге биринчи жардам көрсөтүүнү уюштуруу.

3.5 Профсоюз уюмунун тапшырмасы боюнча кырсык болгон учурду иликтеп чыгуу.

3.6 Окуу жайдын кызматкерлерине иштин жүрүшүндө коопсуздук эрежелерин бузуулары боюнча маалымат берүү.

## 4. Ыйгарым укуктуу адамдын укуктары.

4.1.Эмгекти коргоо боюнча мыйзамдык актылардын сакталышын көзөмөлдөө,

4.2.Эмгекти коргоо боюнча иш-чаралардын аткарылышына көз салуу.

4.3 Эмгек куралдарын сыноо жана кабыл алуу жана эксплуатациялоо боюнча комиссиялардын ишине катышуу,

4.4 Өндүрүштөгү кырсык тууралуу билим берүү мекемесинин жетекчисинен маалымат алуу.

4.5 Кызматкерлердин өмүрүнө жана ден соолугуна түздөн-түз коркунуч туудурган учурларда ишти таштоону кызмат адамдарынан талап кылуу.

4.6 Билим берүү мекемесинин бөлүм башчыларына эмгекти коргоо боюнча мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын аныкталган бузууларын четтетүү үчүн милдеттүү сунуштарды берүү,

4.7 Эмгекти коргоо боюнча нормативдик талаптарды бузууга,өндүрүштөгү кырсыктардын фактыларын жашырууга күнөөлү кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу.

4.8 Эмгекти коргоо боюнча мыйзамдардын бузулушуна, эмгектик келишимде белгиленген милдеттемелердин аткарылышына байланышкан талаш тартыштарын кароого катышуу.

Сканировано с CamScanner

## 5.Ыйгарым укуктуу адамдын ишинин мүнөзүнө кепилдиктер.

5.1.Билим берүү мекеменин жетекчиси ыйгарым укуктуу адамдын иштөөсү үчүн зарыл болгон эрежелер,нускамалар эмгекти коргоо боюнча материалдар менен камсыз кылуусу зарыл.

5.2.Жаны шайланган ыйгарым укуктуу адамды атайын программа боюнча курстардан окутуу(орточо эмгек акысын сактоо менен).

5.3 .Ыйгарым укукгууга тиешелүү күбөлүк берилет.

Сканировано с CamScanner